*Андашова Р.М.*

# АНГЛИС ЖАНА ОРУС ТИЛДЕРИНДЕГИ ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРДИ ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ЖАНА КОТОРУУДАГЫ МАСЕЛЕЛЕР

*Андашова Р.М.*

# ПРОБЛЕМЫ ПЕРЕВОДА И ИССЛЕДОВАНИИ НАУЧНО-ТЕХНИЧЕСКИХ ТЕРМИНОВ В РУССКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ

*Andashova R. M.*

# THE PROBLEMS OF TRANSLATION AND RESEARCH OF SCIENTIFIC TECHNICAL TERMS IN RUSSIAN AND ENGLISH LANGUAGES

УДК (801.541.1+802.0):681.3

*Макала илимий-техникалык терминдерди изилдөө жана которуудагы маселелер жөнүндө жазылган.*

*Данная статья предназначена к проблемам в исследовании и перевода научно-технических терминов.*

*This article is devoted to the problems of researching and translating of scientific-technical terms*

***Туйун создор:*** *термин, компьютердик терминдер, Интернет терминдер, которуу, логикалык чынжырча, лексикалык бирдиктер, калкалоо, транскрипция*

***Ключевые слова:*** *термин, компьютерные термины, Интернет термины, перевод, логические цепочки, лексические единицы, защита, транскрипция*

**Keywords:** *term, computer terms, Internet terms, translation, logical chains, lexical units, defense, transcription*

Илимий техникалык адабияттын функционалдуу тилин окуп үйрөнүүдө окумуштуулар тарабынан изилденген бардык маселелердин ичинен чындыгында эң көп көңүл бурулган маселелердин бири: илим жана техниканын тилинин өзгөчө бир бөтөнчө денгээли болуп саналган лексикага көп көнул бурулат. (Борисова Л.И., Рейман Е.А.,). Бул маселеге көп көңүл буруу кокустук эмес. Азыркы учурда так эле ошол илимий техникалык тексттердин лексикалык составы интенсивдүү эволюциянын өсүү баскычында турат. Бул илимий техникалык тексттердин лексикасынын терминологиялык да жана жалпы илимий да катмарына кирет. Жогорудагыга байланыштуу, илимий техникалык контексттердеги лексикалык бирдиктерди анык иш жүзүнө ашырууга боло турган аракеттерди кылууну окуп үйрөнүүгө багытталган изилдөөлөр өзгөчө мааниге ээ.

Илимий адабиятта котормонун бирдиктери катары каралган терминдердин которулушуна жана тилдердин арасындагы салыштырылуусуна абдан эле чоң көңүл бурулуп жатат. Терминди которуудагы маселелерди түшүнүү үчүн терминдин өзгөчөлүгүнө кайрылуу зарыл. Адатта термин деп, иш аракеттин же атайын бир

тармактагы билим тууралуу түшүнүк берген сөз же сөз айкашы түшүндүрүлөт [Бархударов Л. С.:1].

Терминдер ар кандай түзүлүштөргө ээ боло алышат. Компоненттеринин санына жараша термин-сөздөрдү же бир сөздөн турган терминдерди, чанда, негизги сөздөн жана дефис менен жазылган сөздөн же чогуу жазылган татаал терминдерди камтыган монолексемалык деп аталуучу терминдерди; термин-сөз айкаштарын же бири-бирине жалганган, көп компоненттүү терминдерди бөлүп көрсөтүүгө болот. Л.В.Щерба бири бирине жалгануучу терминдерди, структуралык жана семантикалык бирдиктерге ээ жана мүчөлөргө бөлүнгөн терминдештирилген номинацияны көрсөткөн сөз айкашы катары мүнөздөгөн [Щерба Л. В.: 5]. Сөз айкаштарын бирдиктүү номинативдүү терминологиялык биридиктер катары кароо критерийи (чени) болуп алардын бир түшүнүктү атоодогу колодонулушу кызмат кылат.

Жогорудагы каралган маселелерди эске алуу менен, С.В. Гринев тарабынан, “атайын бир түшүнүктөрдү так атоодо колдонулуучу бир тилдин номинативдүү атайын бир лексикалык бирдиги (сөзү же сөз айкашы)” катары берилген терминдин толук аныктамасы сунуш кылынат [Гринев С. В.: 4]. Салыштырма тил илиминде терминдердин өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселе жана аларды которуудагы кыйынчылыктар ар дайым өзгөчө орунду ээлеп келген. Эгерде котормонун милдети болуп оригинал тексттердин мазмунунун жана которулушунун эквиваленттерин жалпылап камсыздоо болсо, атайын бир тексттерди которууда терминдерге өзгөчө бир көңүл буруу талап кылынат анткени так ошолор атайын бир тексттин маалыматтык мазмунун аныкташат.

Жергиликтүү тил илиминде терминдин мүнөздөлүшүнө жана негизги касиеттерин анализдөөгө көптөгөн эмгектер жумшалган. Менин пикиримде, терминдин даана так маанилүү касиети С.В.Гринев тарабынан: бул “колдонуунун айрыкчылыгы” (колдонуунун атайын бир аймагы) жана “маныздуу колдонуу” деп кыска жана так айтылган [Гринев С. В.:4]. Терминдерди которуунун өзгөчөлүгү болуп, которууда эквиваленткe жетишүүнүн эң маанилүү шарты чет тилинин бирдиктеринин маңыздуу дал келүүсүн сактоо, чет тилинин жана которулуп жаткан тилдин терминдери менен көрсөтүлгөн түшүндүрмөнүн абсолюттук (чек коюлбаган) окшоштугун камсыздоо. Башкача айтканда, эгерде чет тилинин жана которулуп жаткан тилдин терминдери кандайдыр бир илимий аймака ылайыктуу түшүнүктү билдирсе, ал эми жөнөтүүчүнүн жана кабыл алуучунун кодунун окшоштугу коммуникациянын баштапкы ийгиликтүү шарты болсо, анда атайын бир берилген текстти которуунун эң маанилүү маселеси болуп терминдер менен берилген түшүнүктөрдүн окшоштугун камсыздоо эсептелет. Чет тилинде жана которулуп жаткан тилдин терминдери менен берилген түшүнүк системиндеги дал келбөөчүлүктү ачып көрсөтүү бул тилдер арасындагы терминдик системдин айкалышындагы, терминдерди которуудагы маселелерди чечүүнү камсыздоочу эң маанилүү кадам. Терминологиянын системдүүлүгү анын өзүнүн бирден бир маанилүү мүнөздөмөсү катары дайыма каралып келген. Терминологиянын системдүүлүгү эки жактуу негизге ээ экендиги бир канча жолу белгиленген: бир жагынан бул илимдин өзүнүн түшүнүк системинен суурулуп чыккан түшүнүк, логикалык систем, ал эми экинчи жагынан ошол түшүнүктөрдү ачып көрсөткөн лингвистикалык жана тилдердин бирдиктеринин системи. Терминдик системдерди анлиздөө жана белгилөөдө ар кандай

ыкмалар бар. С.В.Гриневдин аркасы менен терминдик системди биз: “терминдер менен түшүнүктөр деп аталган алардын арасындагы мамилени чагылдырган, алардын арасындагы белгиленген мамилелер менен терминдердин иреттелген көптүгү” деп түшүнөбүз [Гринев С. В.: 4]. Узак убакыт терминологиялык системалар кандайдыр бир конкреттүү кептин жагдайынын сөздүк курчоосунун, айтымдын жанрынын бир сөз менен айтканда кайсыл бир тексттин үзүндүсүндө изилденип келген. Бирок, практика жүзүндө терминологияга мындай мамиле жасоо, терминологиялык талаанын чектерин аныктоодо, ар кандай мааниледе, ар кандай тар илимий чөйрөлөрдө колдонулган терминдердин көп маанилүүлүгүн көбөйтүүчү маселени жаратат. Лингвистикалык белгилердин коммуникативдүү функциясына жана социалдык ордуна өзгөчө көңүл бурган азыркы биздин окумуштууларга терминологиянын колодонулушун табигый, профессионалдык коммуникациянын чыныгы шарттарында изилдөө маанилүү болуп саналат. Азыркы терминдерди изилдөө илиминде эң маанилүү болуп терминдердин колдонулушу эсептелет. Ушуга байланыштуу, терминдик системаны белгилөөдө жаралган маселелерге тексттик жалпылыктын курамына кирген терминдерге кошумча критерий киргизүү менен максатка ылайыктуу мамиле жасоо сунушталат. Ошондой эле, терминдин маалыматтык функциясы, анын коммуникативдүү активдүүлүгү терминдик системаны атайын тексти уюштуруунун негизи катары кароого мүмкүндүк берет.

Бул макалада терминдер, коммуникативдик актын мазмунун аныктоочу жана атайын бир тексттин маалыматын берүүнү уюштуруучу, түшүнүктөр системасынын элементтеринин аталышы катары анализделинет. Жогорудагыга байланыштуу, терминдин негизги функциясы – атайын бир түшүнүктөрдү мүмкүнчүлүгүнө жараша даана так билдирүү [Володина М. Н.:3]. Термин, маданият аралык коммуникациянын натыйжалуулугун камсыздоочу, тилдик жана кесиптик илимий билимдин бирдиги катары каралат. Атайын бир текстин маалыматынын негизги көлөмүн кабыл алуучуга жеткирген, чет тилиндеги жана которулуп жаткан тилдеги терминдердин эквиваленттүүлүгү, которууда тексттеги маалыматты так жана толук бойдон берүүнү камсыз кылуу үчүн абдан керек. Атайын бир текстеги терминдердин функцияларын анализдөөнүн негизинде, терминдер арасындагы системдик байланыштарды ачып көрсөтүү, парадигмалык мамилени аныктоого мүмкүндүк берет.

Айлана чөйрөдө курчап турган чындыктын ар кандай аспектилерин изилдөөдө илимий стиль адамдын менталдык иш аракетин чагылдырып турат жана анын (илимий стилдин) бардык жанрлары изилденип жаткан объекти сүрөттөөдө колдонулат. Стилге коюлган негизги талаптарга (логикага негизделгендик, тактык, объективдүүлүк) ылайык илимий стиль салыштырылып жаткан тилдерде жалпы стилдик белгилерди көрсөтөт, бирок лексиканы тандоо, сөздүн фонетикалык жасалышы, морфологиялык формасы, сөз айкаштары, синтаксисттик структуралары ар бир тил үчүн ар башкача жана бөтөнчө. Орус тилиндеги илимий техникалык тексттер англис тилиндегиге салыштырмалуу ат атооч жана этиштин биринчи формасы сейрек колдонулган көбүнчө жаксыз болгондугу, ошондой эле, абстрактуу жана жалпы түшүнүктөрдү кеңири колодонуусу менен мүнөздөлөт. Логикалык байланыш каражаттары абдан эле көп колдонулат. Орус тилиндеги илимий стилде көбүнчө бир өңчөй мүчөлөр, атоочтук сүйлом жана чакчыл этиштер кеңири колдонулат. Ал эми англис тилиндеги илимий техникалык тексттер үчүн

объекттин жана көрүнүштүн эң эле ар түрдүү белгилерин көрсөтүүчү көптөгөн атрибутивдик топтор өзгөчө мүнөздүү, *of* предлогу тектик түрдүк мамилелерди берүүдө көп колдонулат. Ошондой эле англис тилиндеги илимий техникалык тексттерди орус тилине которууда нейтралдаштыруунун зарылдыгын пайда кылуучу стилистикалык түс берилген каражаттарды колдонуу кеңири жайылтылган.

Көптөгөн лингвисттер бир гана зат атоочтор термин катары колдонула алышат деген өздөрүнүн ой пикирлерин айтып келишет. Бирок, терминдердин арасында этиштер (14,08%) да кездешээрин изилдөөлөр тастыктап турат, мисалы: to reboot – компьютерди же клавиатурадан же атайын бир баскычтын жардамы менен кайрадан өчүрүп жандыруу; to scroll – экранда көрүнбөгөн тексттердин, сүрөттөрдүн калганын өйдө-төмөн жылдыруучу сызгычтын жардамы менен оңго, солго, өйдө-төмөн жылдыруу; to screen – экранда көрсөтүү; сын атоочтор (10,34%) - offline – автономдук, сеттен өчрүлгөн (компьютер менен башкарылбаган түзүлүштүн иштөө режими); portable – портативдик (кичине көлөмдөгү компьютерлердин түрү); transparent – тунук (аткарылып жатканы колдонуучуларга жана программаларга байкалбаган процесс), ошондой эле тактоочтор (0,48%): automagically – түшүнүксүз (колдонуучуларга түшүнүксүз болгон процессти сүрөттөйт); digitally – сандык формада; on-screen – виртуалдуу (компьютердин экранында). Албетте, жогорудагы сөз түркүмдөрүнө салыштырмалуу зат атоочтор эң көп экендигин белгилей кетүү керек (75,1%) - spoofing – кошууну имитациялоо, кирүүгө мүмкүндүктү жалган жол менен алуу; current drive – азыркы учурдагы иштеп жаткан диск; filing system – документтерди сактоо жана жыйноо системасы; macro virus – макрокомандалык вирус. Онлайн баарлашууну женилдетүү үчүн сан атоочтордон турган аббревиатуралар көп колдонулат. Мисалы: B4 (before) бир нерсенин алдында, F2F (face-to-face) – бетме-бет. Ал эми кызматчы сөздөрдү карай турган болсок, (предлог, байламта, бөлүкчө) анда, алар өз алдынча термин боло алышпайт, алар жөн гана терминдердин составына киришет. Мисалы: query by example – мисал боюнча суроо-талап, plug-and-play – кошуп байланыштыр жана иште (компьютерге кошумча жабдууну кошуп байланыштыруу принциби), hook into – кошулуп байланышуу; connect to – туташтыруу, жабдууну байланыштыруу. Компьютерге байланыштуу лексикада аффиксация жана кыскартуу, сөз жалгаштыруу, конверсия жана контаминация эң эле продуктивдүү сөз жасоочу жолдор болуп саналат. Аффиксалдык сөз жасоо. Орус тилиндегидей эле англис тилиндеги компьютердик терминдердин пайда болушунда латын тилинен алынган, жалпы илимий тилге мүнөздүү префикстер (унгу сөздүн алдында жалгануучу аффикс) көп колдонулат: inter- (10% сөздөр), mini – (3% сөздөр), micro – (7% сөздөр), multi - (2 % сөздөр): minicomputer – миникомпьютер; multiplexer – туташтыруучу (ар түрдүү маалыматтар келүүчү каналдардан, маалымат чыгуучу бир гана каналга маалыматтарды жиберүүчү жабдык); interactive – интерактивдүү (колдонуучу тарабынан киргизилген команда жана маалыматтарды кабыл алган системалар).

Бул макаланы жыйынтыктап жатып, илимий техникалык тексттерди изилдөөдө терминологияны изилдөө маселеси өтө маанилүү экендигин баса белгилөө керек. Жыйынтыктап айтканда, термин – бул атайын бир илимдин же иш аракеттин түшүндүрмөсүн билдирүүчү сөз же сөз айкашы. Чет тилиндеги терминдерди которууда так даана эквиваленттүүлүккө жетүүдөгү маанилүү шарт болуп, чет тилиндеги бирдиктердин так мазмундуулугун сактоо эсептелет.

**Адабияттар тизмеси:**

1. Бархударов Л.С., Рецкер Я.И. Курс лекций по теории перевода. - М., 1968.-263 с.
2. Борисова Л.И. Лексические трудности перевода научно-технической литературы с английского языка на русский. - М.: ВЦП, 1979. - 135 с.
3. Володина М.Н. Когнитивно-информационная природа термина и терминологическая номинация: Дисс. докт. филол. наук.: М., 1998-178 с.
4. Гринев С.В. Введение в терминоведение. - М.: Московский лицей, 1993. - 309 с.
5. Щерба Л.В. Опыт общей теории лексикографии// Щерба Л.В. Языковая система и речевая деятельность. - Л., 1974. — С.265-304

**Рецензент: к.ф.н., доцент Сарымсакова А. Ж.**

---

***Базарбаева Г.Д.***

## КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ НЕОЛОГИЗМДЕРДИН ПРАГМАТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Базарбаева Г.Д.***

## ПРАГМАТИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ НЕОЛОГИЗМОВ В КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ

***Bazarbaeva G. D.***

## PRAGMATICAL FEATURES OF NEOLOGISMS IN KYRGYZ AND ENGLISH LANGUAGES

УДК: 809.434.1

*Бул макалада неологизмдердин жана эвфемизмдердин прагматикалык өзгөчөлүлүктөрү каралат.*

*В работе рассмартривается прагматические особенности эвфемизмов и неологизмов.*

*The pragmatic peculiarities of euphemisms and neologisms are considered in this article.*

***Негизги сөздөр:*** *прагматика, семантика, эвфемизм.*

***Ключевые слова:*** *прагматика, семантика, эвфемизм.*

***Key words:*** *pragmatics, semantics, a euphemism.*

Бардык социалдык байланыштар, анын ичинде сүйлөө ишмердүүлүгүнүн аракети, жүрүм-туруму эрежелери менен жөнгө салынат. Сүйлөө жүрүм-турумдун нормасынан жана тарбиянын системасына, ошондой эле коомдун мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилеге кирет. Прагматиканын милдети – сүйлөшүү байланышындагы эрежелерди табуу жана